Ошондой эле, соттук териштирүүдө суралган кубо Черикбаев Б.Э. 2010 жылдын 5 апрелде болжол менен саат 22-00 чамаларда Ш.Аманбаева менен А.Турсунбекова У.Аскеевдин батирине келишип, эшигин такылдатканда У.Аскеевдин суранычы боюнча, аны үйдө жок деп койгон. Ал куну У.Аскеевдин батиринде апасы Абдылдаева К.О., агасы Далбаев Н., женеси Назира, болосу Метебаев И.М. жана иниси бар болгон. Ал куну У.Аскеев уйдон чыккан эмес, эртеси куну ал У.Аскеев менен бирге туруп, тамактанып жумушка кетишкен.

Ушундай эле корсотмону куболор Абдылаева К., Метебаев И., жана Н.Далбаевдар соттук териштирүүдө корсотушкон. Мындай жагдайда сот, томонку чечимге келет, ошол окуя болгон куну У.Аскеев оз уйундо болгон жана кылмышка катыштыгы жок. Ошондой эле иштин материалдарында А.Жумашевдин кылмышка катыштыгы бар экендиги жонундо бир дагы далилдер жок. Анткени соттук - биологиялык экспертизанын 2013 жылдын 16 августагы №494/К-82 корутундусуна ылайык Р.Жумабаеванын жыныстык болугунон табылган спермотозоид А.Жумашевке таандык эмес.

Ошондой эле сот иштин ичиндеги видео далилдерин карап томонкулорду аныктаган. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 183 статьясынын 3 бөлүгүнүн 4 пунктунда "Көрсөтүүлөрдү текшерүү ал адамга анын көрсөтүүлөрү текшериле турган багытты жана жерди көрсөтүү сунушунан башталат" деп көрсөтүлгөн жана ошол статьянын 4 бөлүгүндө "Окуянын жагдайын жана корсотуулорду жеринде текшерүү жөнүндө ушул Кодекстин 170 жана 171 статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт. Ал протоколдо жеринде текшерүүнүн шарттары жүрүшү жана натыйжалары чагылдырылууга тийиш" деп корсөтүлгөн. Бирок ал талап тергөөчү тарабынан сакталбастан мыйзамды одоно түрдө бузуу менен жүргүзүлгөн.

Окуя болгон жерди кароо схемасында жалгыз аяк жолдон (тропинка) 5 метр аралыкта, арыктан 15 метр аралыкта деп көрсөтүлгөн. Окуяны калыбына келтирүү жана көрсөтмөнү ордунан текшерүүнү жүргүзгөндө Аманбаева көрсөткөн жер, окуя болгон жерди кароодо түзүлгөн схема менен дал келбейт. Анткени Аманбаева көрсөткөн жерде тропинка жана арык жок. Жолдон 10 метр аралыктагы жер көрсөтүлгөн. Демек Ш.Аманбаева таптакыр башка жерди көрсөтүп жатат. Көрсөтмөнү болгон жеринде текшерүү деген тергөө амалын жүргүзгөндө КР ЖПКнин 183 статьясынын 3 бөлүгүн 1 пунктунун талабына ылайык, окуя болгон жерден айыпкер, өзүнүн мурдагы берген көрсөтмөсүн кайталап айтып берет. Айыпкер ал жерден ким кандай аракет кылганын, өзү көрсөтүп, айтып берет, ошондо гана ал тергоо амалы өзүнүн максатына жетти деп эсептесе болот. Ал эми карап жаткан иш боюнча тергөөчү айыпкер Ш.Аманбаеваны өзүнүн кабинетинен сурак кылган. Ал Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 183 статьясынын талабын одоно түрдо бузган. Ошондой эле "Окуянын кырдаалын калыбына келтирүү жана корсотмону ордунан текшерүү" деген тергөө амалынын жүрүшүн видеого тарткан оператордун, эксперт катары Кыргыз Республикасынын КЖКнин 330, 331 статьялары менен кылмыш жообуна тартылары эскертилген эмес, ошондой эле протоколдо фамилиясы да көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 170 статьясынын 6 бөлүгүндө, протоколго тергөөчү, суралган адам, тилмеч, адис, күбо-калыс жана тергөө аракетин жүргүзүүгө катышкан башка адамдар кол коет деп корсотүлгөн. Мындай жагдайда сот тергоочунун пртоколун жана видео далилдерин КР ЖПКнин 81 статьясынын 3 бөлүгүндө корсотулгондой, ушул Кодекстин талаптарын бузуу жол берилгис болуп саналат, ошол жол менен алынган далилдер юридикалык күчкө ээ боло албайт деп сот табат жана иш боюнча чечимдин негизине алынышы, ошондой эле ушул Кодекстин 82 статьясында көрсөтүлгөн ар кандай фактыны жана жагдайларды далилдоо үчүн пайдаланышы мүмкүн эмес деп эсептейт. Ошондуктан окуяны калыбына келтирүү жана көрсөтмөнү ордунда текшерүү тергөө амалдарын жүргүзүүдө тонтолгон документтер далил катары санала албайт, жана аларды сот далил катарынан алып